***А.А. Акматова***

## Кыргыз этнопедагогикасы жана анын калыптанышы

Психология улуттун руханий байлыгынын, элдик чыгармачылыктын бир бөлүгү саналган массанын педагогикалык маданиятынын көрүнүшү катары байыркы мезгилде эле пайда болгон. Аларда элдин аң сезимин, үмүтүн жана келечекке болгон максатын чагылдырып, үй-бүлө, бала жана өспүрүмдөрдү тарбиялоонун каражаттары жана жолдору тууралуу айтылган. Балдарды тарбиялоо жөнүндөгү элдик даанышман ойлор укумдан-тукумга, муундан-муунга оозеки түрүндө берилип келе жаткан жомоктордо, легендаларда, макал-ылакаптарда, учкул сөздөрдө, элдик ырларда жана башка элдик оозеки чыгармалардын түрлөрүндө сакталып, кезегинде өз милдетин аткарып келген. Тарбиялоо маселесинде аталгандардан башка да элдик рухий казынаны түзгөн үрп-адат, каада-салттар да чоң роль ойногон.

Жашоонун негизги жагын чагылдырып, андагы баалуулуктарды жыйнап жүргөн элдик педагогика коомдук аң сезимдин бир тарабы катары этносту социалдык турмуштун ар түрдүү жактары менен тыгыз байланышта өстүрүп-өнүктүрүп турат. Этнопедагогика өзүнүн маңызы жагынан жалпылык менен жекеликтин диалектикалык биримдигин элестетет. Мында жалпылык дегенибиз – жалпы адамзаттык баалуулуктар, ал эми жекелик – личностун жана социалдык группанын этникалык өзгөчөлүгү белгиленген социалдык-экономикалык шарттагы алардын турмушуна жана өспүрүмдөрдүн жолуна чөйрөнүн көптөгөн таасирлерин айтууга болот.

Ар бир элдин улуттук традициясы чексиз жана өтө бай. Элдин дүйнө таанымы, турмуш уклады, кесиби, этикалык жана моралдык нормалары, элдик искусствосу, философиясы, оозеки чыгармачылыгы, кол өнөрчүлүгү илим-билими, медицинасы, тамак-ашы миңдеген жылдардын аралыгында калыптанган. Ошол жолдо ар мезгилдин талабына, жашоо-шартынын ыңгайына жана улуттук өзгөчөлүктүн чен өлчөмүнө туура келбеген айрым бир жактарын электен өткөрүп элдин жашоосу үчүн эң керектүү, эң баалуу деп эсептелген традициялар сакталып, нукура элдик, нукура улуттук деген ат менен эл менен кошо жашоосун уланткан жана ага кызмат кылган.

Кыргыз элинде жаштарды салттуу мүнөзгө ээ болгон адептүүлүк, улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо, жол көрсөткөн насаат айтуу, турмуштун ар кандай шарттарында жаштарды сабырдуулукка, чыдамкайлыкка жана ийкемдүүлүккө тарбиялоо салтка айланып калган көрүнүш. Элибиздеги меймандостук, улууну урматтоо, туулган жерди сыйлоону туугандар аралык карым-катнаш жана өткөн муундарды эскерүү сыяктуу касиеттер байыркы түрк доорунан бери эле келе жатат деп айтууга болот. Анткени аталган сапаттар азыркы учурда бир эле кыргыз элине эмес, бардык тараптагы элдерине мүнөздүү.

Улуттук традицияда тарбиялоо маселесинде кыргыз элине баланы жашынан тартып турмушка, эмгекке жарактуу, чыдамкай, туруктуу кылып тарбиялоо мүнөздүү. Бул максаттарды аткарууда бир эле чөйрөнүн таасири аздык кылат. Ошол себептен мурунку муундар адамдын жашоосуна керектүү болгон жаратылыш, турмуш чындыгы боюнча өз тажрыйбаларын жаш муундардын үйрөнүүсүнө шарт түзүлгөн. Жаштарды тарбиялоого терең маани беришип, чыгармачылыгын сарптап, ык-машыгууларга ээ болсун үчүн акыл жана кол эмгегинин ар кандай түрлөрү көрсөтүлгөн улуттук оюндарды, майрамдарды өткөрүшкөн.

Кыргыздардын педагогикалык көз карашынын калыптанышында коңшулаш жашаган жана карым-катышта болгон башка улуттардын таасири да тийген. Ага мисал катары жалпы түрк элдеринин, анын ичинде казак, өзбек, тажик элдеринин тилдик, маданий, социалдык жана педагогикалык таасирлерин айтууга болот.

Ислам дининин таасири улуттук традицияларга тарбиялоодо негизги факторлордон болуп саналган. Түрк элдеринде Х кылымдан баштап жайылтылган ислам динин башкалардай эле кыргыз эли да өз ыктыяры менен кабыл алган, анткени андагы айтылган идеялар ошол кездеги элдик нравалык нормалар жана тарбиялоодогу традициялар менен дал келген. Ислам дини менен кошо кыргыз элинде монотеизм алдыңкы орунга коюлуп, Курандагы көрсөтүлгөн жүрүм-турум нормалары калыптана баштаган. Ал элди биримдикке

чакырууга жана нравалык жактан  тарбиялоого өз таасирин тийгизди деп айтууга толук негиз бар. Анткени адамдын уят-сыйытына, ынсабына ишенүү мусулман динине мүнөздүү сапат. Мухаммед пайгамбардын осуяттарында «Ар кандай ишти уят болбогудай кылып жаса» - деп, жалпы адамзатты уят-сыйытты сезе билүүгө, абийирдүү болууга чакырат. Ислам этикасында да абийирдүү, уяттуу адам туура эмес жолго жүрбөйт жана туура эмес иш жасабайт деп айтылат.

Бардык түрк элдери сыяктуу эле кыргыз элинде адамдын жүрүм-туруму, бири-бирине болгон мамилеси тууралуу макал-ылакаптар, меймандостук, ата-бабаларды, улууларды урматтоо, өз мекенин сүйүү традициялары азыркы күндө да сакталып, өз маанисин, актуалдуулугун жоготпой келе жатат.Бул сапаттарды алып жүрүүнүн булагы катары элдик оозеки чыгармачылыкты атоого болот. Кыргыздын элдик оозеки чыгармаларынын кайсы түрүн албайлы, адептүүлүк, ыймандуулук, чынчылдык, ата-энени кадырлоо, улуу-кичүүгө, чөйрөгө туура мамиле жасоо, намыскөйлүк, эмгекчилдик, кечиримдүүлүк жана башка сапаттар тууралуу айтылып, окуучуну же угуучуну ошол сапаттарга үндөйт. М: «Манас» эпосунан эле улуттук педагогиканын бардык багыттары боюнча материалдарды табууга болот. Элдик ыр «Бекбекейде» ар кандай ишти аткаруунун жоопкерчилигин сезе билүү, намыскөйлүк, эл алдында жүзү жарык болуу тууралуу ырдалса, «Жакшы киши эл камы үчүн жүгүрөт, жаман киши өз камы үчүн күйүнөт» деген элдик макалда адамдык сапат, эл үчүн кам көрүү, кызмат кылуу ж.б. жөнүндө айтылат.

Бирок өсүп келе жаткан муунду жалаң эле элдик традиция менен тарбиялоо айрым учурда жетишсиз экендиги байкалат. Улам өсүп бара жаткан жашоонун талабы, анда агылып келген башка элдердин маданияты тарбиялоо маселесине да таасирин тийгизбей койбойт. Мындай шартта улуттук традицияны негиз кылып алып, башка элдердин таасирлеринин улуттук менталитетке туура келген жагы коомчулук тарабынан кабыл алынса, ал улуттук традициянын алга карай өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Кыргыз элинин кылымдардан бери калыптанган традициялары XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап акырындык менен орус элинин таасиринин натыйжасында өзгөрүүгө учурап, бул процесс XX кылымдын аягына чейин созулуп, аталган аралыкта акырындап элдин психологиясына сиңип отуруп, элдик педагогикада да из калтырды десек болот. Совет доорунда улуттук педагогика илими жалпы советтик педагогикалык изилдөөлөрдүн көлөкөсүндө калып, өз багытын жана перспективасын аныктай албай калган. Натыйжада улуттук педагогика жөнүндө кеп болбостон эле жалпы советтик педагогиканын негизинде жаштарды тарбиялоо преаритеттүү багыттардан болуп, улуттук педагогика үй-бүлөлүк чектен чыкпай калган. Ырас, жогоруда айтылган улуттук баалуулуктар, элдик рухий дөөлөттөр маданият, философия жана башкалар коомдук түзүлүшкө, саясатка көз каранды болбостон, муундарды тарбиялоо миссиясын аткарууга багытталган болсо, башка элдерден таасирленүү мынчалык күчтүү болмок эмес.

Азыркы учурда кыргыздардын арасында тигил же бул педагогикалык маданиятты колдонгондордун төмөндөгүдөй төрт тобун көрүүгө болот:

1. Исламдын мыйзамдарына баш ийген маданиятты карманган улуу муундун өкүлдөрү;
2. Өзү кыргыз боло туруп, кыргыз тилин да, улуттук маданиятты да билбеген элдердин тобу;
3. Кыргыз менен башка улуттун маданиятынын ортосунда калган ортосаар маргиландардын тобу;
4. Кыргыздын нукура улуттук маданиятынын кайра жаралышын колдоп, ал үчүн кызмат кылган адамдардын тобу.

Тарбиялоонун улуттук мүнөзгө ээ болуусу тууралуу алгачкы пикирди айткан орустун улуу педагогу К.Д Ушинский болгон. Совет доорунда белгилүү окумуштуу этнограф-педагог Г.С Виноградов өз изилдөөлөрүндө улуттук педагагогикага кайрылган. Ал эми «этнопедагогика» деген терминди киргизип, ага илимий жактан мүнөздөмө берген орустун белгилүү окумуштуусу Г.И.Волков болуп саналат. Анын «Этнопедагогика» (1974), Этническая педагогика» (1999), «Этнопедагогика» (2001) аттуу эмгектеринде этнопедагогика

менен элдик педагогиканын окшоштук, айырмачылык жактарын, өз алдынчалуулугун жана алардын чегин аныктаган.

Окумуштуунун пикири боюнча этнопедагогика - бир улуттун, уруунун педагогикалык маданиятын изилдеген илим[1]. Ал эми элдик педагогика болсо, окутуунун, тарбиялоонун бири-бири менен шарттташкан максатын, милдетин, жолун жана каражаттарынын биримдиги болуп саналат[2].

Азыркы учурда элдик педагогика деген түшүнүктүн маани-маңызы жана ал боюнча изилдөөлөрдүн төмөндөгүдөй багыттарын байкоого болот:

Кыргыз элдик педагогикасы үй-бүлөлүк тарбия менен тыгыз байланышта каралып, тарбиялоонун мүнөзү жана багыты боюнча андан айырмаланбайт. Демек, элдик педагогиканы үй-бүлөлүк педагогика аркылуу үйрөнүүгө болот.

2. Элдик педагогиканын негизи элдик оозеки чыгармаларда жатат, башкача айтканда, кыргыздын элдик фольклорун окутуу менен элдик идеяны, традицияларды үйрөтүүгө болот.

3. Бул багытта жаш муундарды жашоого жана эмгекке тарбиялоодо этнографиянын ролуна баа берүү, ал турмуштук ар кандай кырдаалдар, муундардын ортосундагы байланыш, этикалык, жүрүм-турум нормаларынын системасын калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Бирдиктүү жазуусу болбогон кыргыз элинде кылымдардан кылымга, муундан муунга берилип жашап келген улуттун, уруунун тарыхы жөнүндөгү маалыматтар, элдик оозеки чыгармаларда берилип, анда элдик педагогикалык бай казына сакталган. Башкыр элинин этномаданиятын изилдеген окумуштуу Г.Б.Хусаинов «Башкыр шежрелери чындыгында эле энциклопедиялык мүнөзгө ээ болуп, андан элдин, уруунун тарыхы, жашоо шарты, кол өнөрчүлүгү жана сүйлөө маданияты жөнүндө маалыматтарды да алууга болот»[3],- деп жазат. Чындыгында эле кыргыз элдик оозеки чыгармаларда элибизге тиешелүү болгон руханий маданияттын бардык үлгүлөрү сакталып, кийинки муундар үчүн баа жеткис казына катары кызмат кылып келе жатат. Мисалы, «Манас» эпосу кыргыз элинин руханий маданиятынын энциклопедиясы деп айтылып калышы бекер жерден эмес, анткени эпосто турмуштук ар кандай шарттарда адам турмушун коштоп, кооздоп, өзгөчө маани-маңыз берип келе жаткан элдик үрп-адат, каада-салттар орун алган.

XVIII-XIX кылымдардагы болгон саясий жана социалдык өзгөрүүлөр Орус империясынын кыргыздарды каратып алышы, прогрессивдүү жактары менен кошо жергиликтүү элдердин укуктарынын басмырттальшы, көнүмүш жашоо шартынын бузулушу, жашоонун маанилүүлүктөрүнүн өзгөрүшү сыяктуу маселелер жогоруда аталган баатырдык сапаттарга мурдагыдай баа берилбей калышына жана бир кезде намыскөй, жоокер элдин пассивдүүлүгүнө алып келди.

Кылымдар бою кыргыз элинде калыптанып калган «Ата Мекен», «Туулган жер» деген түшүнүктөр жашоодогу бардык нерсенин эң ыйыгы катары туюлуп, ал тууралуу «Туулган жердин топурагы алтын», «Ата-журтум - алтын бешигим» деген макалдар айтылып калган. Акын Жеңижок «Эли-журтуң болбосо, ай-күнүңдөн не пайда» дегендей, бийликке, байлыкка алмашпай турган да, намыскөйлүк, атуулдук милдет, майтарылбас эрк сыяктуу сезимдерди жаратуучу да улуу күч мекенди сүйүү сезими аркылуу пайда болот.

Тарбиялоо маселесинде этнопедагогиканын теориялык жана практикалык мааниси зор экендиги талашсыз. Ошого байланыштуу кыргыз педагогдорунун алдында азыркы шартта жаш муундарга билим жана нукура улуттук тарбия берүүнүн концепциясын иштеп чыгуу милдети турат. Бул оор маселени чечүү менен тарбиялоонун улуттук жагын негиз кылып алып, мурдагы эскирген көз караштарынан оолак болуп, жаңы доордун талабына шайкеш келген окутуунун жана тарбиялоонун актуалдуу проблемаларына басым жасоо талап кылынат. Атап айтканда, орто окуу жайларында даярдалуучу адистиктерге, кол өнөрчүлүккө, жергиликтүү чийки заттардан керектүү болгон дары-дармектерди, буюм-тайымдарды даярдоо, тарбиялоо жаатында калк арасындагы терс көрүнүштөрдү болтурбоо максатында

---

[1] Г.И.Волков Этнопедагогика. – Чебаксары , 2001. – 22-б

[2] Г.И.Волков Этническая педагогика. – Чебаксары, 1999. – 6-б.

[3] Г.Б.Хусаинов Башкирская литература XII-XVIII века. – Уфа, 1998. 94-бет.

мектеп жашынан тартып тарбиялык сааттарды жүргүзүү ж.б.. Мына ушул маселелерди чечүүдө этнопедагогиканы пайдалануу талапка ылайыктуу.

Учурда илимий, профессионалдык жана улуттук практика бири-бири менен тыгыз байланыштуу эмес. Бул багыттардын ортосунда байланыштын жоктугу учурдун талабына ылайык маселелерди эффективдүү чечүүгө тоскоолдук кылат. Улуттук педагогиканын алдында учурда коомдук терс кылык-жоруктардан оолак болгон, өз мекенин өсүп-өнүгүүсү үчүн салымын кошкон жана улуттук традициялардын баалуулуктарын сактай билген муунду тарбиялоо максаты турат.

Окутуу жана тарбиялоо жаатында туура багытта иш алып баруунун негизги критерийлери катары төмөндөгүлөрдү атоого болот: экологиялык шартты жакшыртуу, калктын ден соолугу жана санынын өсүшү, рухий маданиятынын жогорулашы үчүн кам көрүү, ж.б.

Этнопедагогика - салыштырмалуу жаш илимий багыт, анын жетишкендиги элдин келечеги үчүн кам көрүүдө жана жаш муундарды тарбиялоодо зор роль ойнойт деген ойдобуз.

**Адабияттар:**


1. Ахияров К.Ш. Этнопедагогика башкирского народа // Ялгяр -Уфа,1996.
2. Васильцева В.Н. Народная педагогика. М.: Школа-Пресс.1996.
3. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – Чеваксары, 1974.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – М,: Академия, 1999.
5. Хусаинов Г.Б. Башкирская литература XII – XVIII века. – Уфа,1998.